**К.И. СКРЯБИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# ПРОТОКОЛ № 3

К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетиндеги Д 06.23.670 Диссертациялык кенешинин отуруму ( биргелешкен негиздөөчүсү жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети), айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү” аталышындагы Сыдыков Айбек Белековичтин диссертациялык ишин алдын-ала коргоо.

**БИШКЕК ш.** 26 июнь, 2024 ж

**Диссертациялык кеңештин төрагасы.** Карабаев Н. А. - айыл чарба илимдеринин доктору, К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессору.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы.** Мамытканов С. А. - айыл чарба илимдеринин кандидаты, топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын доцентинин м. а.

**Катышкандар:** 19 - диссертациялык кеңештин мүчөсүнүн ичинен -17

**Кеңештин мүчөлөрү:**

Ахматбеков М.А. - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор; Карабаев Н.А. - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор; Асаналиев А.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору; Жумабеков Э.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору; Исаева В.К. - айыл чарба илимдеринин кандидаты; Мамбетов К.Б. -

айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент; Самиева Ж.Т. - биология илимдеринин доктору, профессор; Сакбаева З.И. - биология илимдеринин доктору; Тентиева Б.Т. - айыл чарба илимдеринин кандидаты; Тургунбаев К.Т. - айыл чарба илимдеринин доктору; Ызаканов Т.Ж. - айыл чарба илимдеринин кандидаты; Рсалиев Ш.С. - айыл чарба илимдеринин доктору; Сарбаев А.Т. -айыл чарба илимдеринин доктору, профессор; Умбетов А.К. - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор; Чакаев Дж.Ш. - биология илимдеринин кандидаты; Мамытканов С.А. - айыл чарба илимдеринин кандидаты; Эшимкулова Г.Ф. - айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент.

**Кеңештин төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, Диссертациялык кеңештин мүчөсүнүн катышуу баракчасынын жыйынтыгы боюнча 18 - мүчөнүн 14 - бул жерде отурат жана 3 - онлайн режиминде катышып жатат.

Кворум бар. Кандай сунуштар бар? Жыйынды ачуу сунушу айтылды. Колго салам ачылсын дегендер, добуш бериңиздер. Добуш берүүнүн натыйжасы:

"Макул" -18. "Каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды. Диссертациялык кеңештин жыйыны ачык деп эсептелет.

**Күн тартиби:**

Изденүүчү Сыдыков А.Б. "Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү" аттуу 06.01.09. - өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга коюлган диссертациялык ишти алдын-ала коргоо жөнүндө. Изденүүчүнүн илимий жетекчиси – айыл чарба илимдеринин доктору, доцент Тургунбаев К.Т.

**Төрага:** Күн тартибин бекитүүнү ким жактайт? Сураныч добуш бериңиздер. Добуш берүүнүн натыйжасы: "Макул" - 18 "Каршы" - жок. Күн тартиби бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Эми, регламент боюнча макулдашалы. Чыгып сүйлөө тартиби: изденүүчүгө 15-минут диссертациялык ишти алдын-ала коргоо үчүн берсек, чыгып сүйлөчүлөр - 5 минута. Жетекчиге 5 - минут. Регламент боюнча – добуш берүү жолу менен бекитүү сунушталды. Добуш берүүнүн натыйжасы: " Макул" - 18 "Каршы" -жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Иштин негизги жоболорун баяндап бериш үчүн сөз Сыдыков Айбек Белековичге берилет.

**Угулду:** Изденүүчү Сыдыков Айбек Белекович "Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү" кандидаттык диссертациясынын негизги жоболору жөнүндө баяндамасында эмгектин актуалдуулугун, негизги жоболорун, илимий жаңылыгын, практикалык маанисин жана изилдөөнүн натыйжаларын белгиледи.

**Төрага:** Баяндама бүттү. Кимде суроолор бар.

**Изденүүчүнүн суроолорго жооптору:**

**Исаева В. К. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.**

Суроо: Урматтуу диссертант, биринчи суроом: Илимий иш кайсы жылдары жүргүзүлдү? Экинчи суроо: Кыргызстанда клондук тамырлар менен изилдөөлөр мурда жүргүзүлгөнбү?

Жооп: Суроонузга рахмат. Изилдөөлөр 2020- 2022 жылдары жүргүзүлгөн. Кыргызстанда клондук тамырлар боюнча буга чейин изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Асаналиев А. Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору.**

Суроо: Корреляция теңдемеси чыгарылды беле? Экинчи суроо: Жаңы адабияттар колдонулуп кошулдубу? Себеп, эксперттик комиссиянын олтурумунда дагы бул маселени айттым эле.

Жооп: Суроонузга рахмат. Ооба корреляция теңдемеси чыгарылып жазылды.

Илимий ишке 2010 - жылдан өйдө жаңы адабияттар колдонулуп, колдонгон адабияттарга кошулуп жазылды.

**Ахматбеков М.А. - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор.**

Суроо: Түшүмдүүлүгү боюнча кандай маалымат бере аласыз?

Жооп: Суроонузга рахмат. Илимий изилдөөнүн милдеттери клондук тамырларга алма сортторун көбөйтүү болгондон, тамырларга уланган алма сортторунун өсүү өзгөчөлүктөрү аныкталып белгиленди. А бирок, биз изилденген көчөттөрдү интенсивдүү бакчага отургуздук. Изилденип отургузулган 2-жылдык көчөттөр ар бир сорту орточо эсеп менен бир бактан 5-7 кг чейин түшүм берди.

**Исаева В.К. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.**

Суроо: Суука чыдамдуулугу боюнча көчөттөрдүн кайсы бөлүктөрү көргөзүлүп аныкталган таблицада?

Жооп: Көчөттөрдүн бутактары, кабыгы, бүчүрлөрү көргөзүлгөн жана аныкталган.

**Асаналиев А.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору.**

Суроо: 4.3.2 - таблицаны кайра карап чыгыш керек. Экинчи суроо: Актуалдуулукту кеңири келтирүү керек.

Жооп: Талдоо жазалды киргизебиз.

**Мамытканов С.А. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.**

Суроо: Клондук тамырлар каяктан алынып келинди Кыргызстандан бы?

Жооп: Суроонузга рахмат. Клондук тамырлар Кыргызстандан алынып отургузулган .

**Ызаканов Т.Ж. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.**

Суроо: Диссертациядагы сүрөттөрүңүздү оңдоо керек. Сиз процесс жүрүп жатканда тартылган сүрөттөрүңүз болуш керек. Кереги жок сүрөттөрдү алып салыңыз.

Жооп: Макул. Иш процесси жүрүп жаткан сүрөттөрдү калтырам.

**Сакбаева З.И. - биология илимдеринин доктору.**

Суроо: Айтыңызчы. Кыйыштырылган алма сорттору каяктан алынып изилденди?

Жооп: Суроонузга рахмат. Алма сорттору бул жактан Кыргызстандан ботаникалык бакчадан алынган.

**Төрага:** 10 суроо берилди, жыйынтыктайлы. Суроолорго канаттандыраарлык жооп берди. Кандай дейсиздер? Макул болсоңуздар, анда сөздү илимий жетекчиге берели.

**Тургунбаев К.Т. - айыл чарба илимдеринин доктору.**

Илимий пикири менен тааныштырды. Актуалдуу маселени аткарууда автор тарабынан аткарылган диссертациялык иш мезгилдин талабы катары коюлган. Диссертант ишти жакшы билет. 06.01.09 - өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына туура келет жана ачык коргоого сунуштаймын.

**Төрага:** Сөз эксперттин комиссиясынын төрагасысына берилет.

**Асаналиев А.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору.**

Корутунду ВАКтын талаптарына ылайык даярдалды. Бирок бир аз оңдочу жерлери бар. Корреляция-регрессиялык анализ бар, бирок 4.3.2 - таблицаны карап чыгабыз, эскертүү катарында айтайын. Адабиятты жаңыртуу керек. Сыдыков А.Б өз алдынча изилдөөгө жетишти, макалаларды чыгарды колдойбуз.

Жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттерди дайындоо боюнча эксперттик комисиянын мүчөлөрүнүн жалпы пикирин айтып кетсем.

Д 06.23.670 диссертациялык кеңешине, Сыдыков Айбек Белековичтин кандидаттык диссертациясы боюнча:

Жетектөөчү уюм катары: Ош мамлекеттик университети.

Биринчи расмий оппоненттике - айыл чарба илимдеринин доктору, доцент, М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин проректору Танаков Нурланбек Токтогуловичти сунуштайбыз.

Экинчи расмий оппоненттике – айыл чарба илимдеринин кандидаты, профессор, Заманбап эл аралык университетинин экономика кафедрасынын башчысы Суйундуков Улан Азаковичти сунуштайм. Себеби 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистигине ылайыктуу, изилдөө милдеттерине жакын жана адистиги туура келет деп эсептейбиз.

А.Б. Сыдыковдун " Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү " аттуу илимий иши 06.01.09. - өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн ачык коргоого сунушталат.

**Төрага:** Рахмат. Кимде дагы кандай суроолор бар? Бериңиздер. Суроо жок.

**Төрага:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү расмий - ой пикирди добушка коелу.

Добуш берүүнүн натыйжасы: "Макул" - 18. "Каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Талкулоо:**

**Ахматбеков М.А. - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор.**

Сапаттуу диссертация болуш керек. Диссертант ишти жакшылап караш керек. Корутунду катары негизи деңгээли жогору десек болот. Диссертацияны коргоо так баяндалышы керек, дикцияны оңдош керек.

**Жумабеков Э.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору.**

Тургунбаев К.Т. эки кандидатты чыгарып жатат бул жакшы. Тема актуалдуу, эксперттер тарабынан жакшы каралганы көрүнүп турат. Ачык коргоого жиберүүгө сунуштаймын.

**Мамытканов С.А. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.**

Алдыда изилдөө иштери аткарылды. Салымы чоң. Сунуштар негиздүү, айтылган кемчиликтерди иштеп чыгыш керек, маңызына жеткирип. Ийгилик каалайм.

**Осмоналиева К.Н. - айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент.**

Чоң эмгек аткарылды. Эскертүүлөрдү оңдоп койсо болот. Рахмат жетекчиге, мындан ары ийгилик каалайм.

**Төрага:** Рахмат. Анда эмесе сөз изденүүчү Сыдыков Айбек Белековичке берилет.

**Сыдыков А.Б.** - Рахмат. Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнө жана диссертациямды карап чыккан эксперттерге ыраазычылыгымды билгизем. Айтылган сунуштар ой пикирлерди карап чыгам. Дагы бир ирээт ыраазычылыгымды айтам.

**Төрага:**

1. А.Б.Сыдыковдун диссертациялык ишин, сын пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен, ачык коргоого сунуштоо боюнча сунуш келип түштү.
2. Жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуш келип түштү.

**Токтом кылат:**

1. 06.01.09 - адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына көрсөтүлгөн изденүүчү А. Б.Сыдыковдун "Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү" деген темада диссертациялык иши жактырылсын жана жетектөөчү уюмдун расмий оппоненттердин макулдугу менен ачык коргоого сунушталсын.
2. Жетектөөчү мекеме - Ош мамлекеттик университети.
3. Расмий оппоненттер катары Танаков Н.Т. - айыл чарба илимдеринин доктору, Суйундуков У.А. - айыл чарба илимдеринин кандидаты.
4. Изденүүчү Сыдыков А.Б. "Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү" деген темада диссертациялык ишин коргоо үчүн ачык коргонуу күнү 26 - сентябрь 2024 - жылга дайындалсын.

**Төрага:** Бул токтомду ким жактайт, сураныч добуш бериңиздер.

Добуш берилди: "Макул" - 18. "Каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

Урматтуу кесиптештер баарыңыздарга бүгүнкү жыйында активдүү катышып бергендериңиздерге ыраазычылык билдирем. Диссертациялык кеңешти жабык деп жарыялаймын.

Кеңештин төрагасы: Н. А. Карабаев

Окумуштуу катчы: С. А. Мамытканов

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

Подпись Н.А. Карабаевдин ж/а С. Мамыткановдун кол тамгаларын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
"29" 06 2024 г.